Кыргызстан үчүн эң маанилүү кадамдардан болуп, 2009-жылы иштеп чыгарылып, кабыл алынган Жайыттар жөнүндө мыйзам саналат. Бул мыйзам башкаруу системасын децентрализациялоо тууралуу мамлекеттин концепциясын толугу менен колдойт.

Мыйзамды ишке киргизүү аны кабыл алгандан кийин пайда болгон жаш мекемеге – Жайыт комитетине жүктөлгөн. Аз мөөнөт гана иштесе да, бул институт өзүнүн талапка жана убакытка жооп бергендигин далилдеп отурат. Бирок, жаңы мекеме катары, Жайыт комитеттери мамлекет тарабынан да, жергиликтүү калк, биринчи ирет жайыт пайдалануучулар тарабынан да колдоого жана түшүнүүгө мажбур.

Жайыт департаменти бул көрсөтмө жөнөкөй жана жеткиликтүү жазылып, Жайыт комитеттер жөнүндө түшүнүктү бекемдөөгө көмөк болот деп эсептейт. Бул болсо, биздин жайыттар ишенимдүү колго тийгендигин билдирет.

А. А. Эгембердиев
Жайыт департаментинин директору
КР АЧММ

CAMPalatoo
коомдук фонд
общественный фонд
тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого развития горных регионов

Бул көрсөтмө Улуу Британиянын Кыргызстандагы элчилиги каржылаган «Кожо-Бакырган дарыясынын боюндагы жайыттар үчүн конфликттерди башкаруу» долбоору алкагында CAMP Алатоо коомдук фонду тарабынан иштелип чыкты.

Иштеп чыгарган: Билимбек Ажибеков
Долбоордун координатору: Аида Гареева

CAMP Алатоо КФ
Бишкек ш., Уфа туюк көчөсү, 3
Тел. 312 540573, 542346
Факс 312 909 703
www.camp.kg

British Embassy
Bishkek

Бул көрсөтмө Улуу Британиянын Кыргызстандагы элчилигинин техникалык колдоосу менен чыгарылды жана Элчиликтин расмий көз карашын чагылдырбайт.



**Жазгы күндөрдүн биринде жайыт комитетинин (ЖК) өкүлү менен жайыт пайдалануучулар (ЖП) ортосунда жолугушуу болду.**

ЖК: - Биздин айыл округунун урматтуу жайыт пайдалануучулары! Жайыттарды пайдалануу үчүн коюлган төлөмдөрдү төлөө убактысы келди. Эсеп боюнча бул жылга бодо мал башына 67 сом, кой-эчки башына 16 сомдон туура келет.

**ЖП: КАНДАЙ НЕГИЗДЕ СИЗ ТАЛАП КЫЛЫП ЖАТАСЫЗ? БИЗ ДАЙЫМА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНӨ ТӨЛӨЧҮБҮЗ.**

ЖК: Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, жайыттар мамлекеттин менчиги болуп саналат. 2009-жылы кабыл алынган Жайыттар жөнүндөгү Мыйзамга ылайык, жайыт аянттары жайыт комиттеринин башкаруусу астына өткөн. Биздин округдун жайыт комитетин биздин жайыт пайдалануучулары түзөт. Ал эми жайыт пайдалануучулар кимдер? Ал биз сиздер мененбиз.

**ЖП: ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАЙЫТ КОМИТЕТИНЕ ТӨЛӨШҮБҮЗ КЕРЕК, АЛ ЭМНЕ ДЕГЕН ОРГАН?**

ЖК: Жайыт комитети жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруучу органы болуп эсептелет. Жайыт комитети жайыт пайдалануучулардын өкүлдөрүнөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын депутаттарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын башчыларынан турат. Жайыт комитетинин мүчөлөрүнүн саны так эмес болушу, ал эми жайыт пайдалануучулар бирикмесинин өкүлдөрү жайыт комитетинин мүчөлөрүнүн көпчүлүк санын түзүшү керек.

Биздин жайыт комитет 12 адамдан турат. Ага айыл округунун 6 айылынан бирден-экиден өкүл, айыл округунун башчысы, жайыт комитетинин башчысы, бухгалтери, айыл кеңешинин депутаттары киришет.






Сүрөт 1. Жайыт башкаруу системасы

**ЖП: ЖАЙЫТ КОМИТЕТТЕР КАНДАЙ ИШ ЖҮРГҮЗҮШӨТ?**

ЖК: Жайыт комитетинин ыйгарым укуктары:
- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануунун жылдык планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планынын жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын жоболорун ишке ашыруу;
- жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү;
- жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыт белеттерин берүү;
- жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө жана жыйноо, аларды жергиликтүү кеңеште милдеттүү бекитүү;
- өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында жайыттарды пайдаланууга тийиштүү талаш-тартыштарды чечүү;
- жайыттарды жана башка ресурстарды пайдалануу үчүн акы төлөөдөн түшкөн, жайыт инфраструктурасына инвестиция катары жөнөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аларды кармоого, башкарууга жана жакшыртууга жиберилген кирешелерди башкаруу.

## ЖП: ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУ ПЛАНЫ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жайыт жүгү (нагрузка) деген түшүнүк бар: малдын саны менен жайыт өсүмдүктөрүнүн тоют потенциалынын ортосундагы катнаш. Башкача айтканда, жайыттын ар кайсы аймагы ар жыл мезгилинде ар кандай тоют потенциалына ээ. Жалпак тилге салсак, ар бир жайыт өзүнүн күчүнө жараша гана (өзүнө зыян келтирбей) малдын белгилүү санын тоюттандыра алат. Эгер малдын саны көбөйүп кетсе, деградацияга алып келет. Бул көрсөткүчтү малдын шарттуу башы (МШБ) менен эсептешет: мында 1 бодо мал 1 МШБга барабар, жылкы 1,2 МШБ, 5 кой-эчки 1 МШБ га барабар. Бул балансты сактоо үчүн жайыт пайдалануу планы түзүлөт.

Жайыт пайдалануу планы – бул жайыт жүгү теңме-тең бөлүштүрүлүшү үчүн ар жыл мезгилинде жайыттарга малды бөлүштүрүүнү камсыз кылган иш-чаралар жана чечимдер. Негизинен жайыт жүгү нормаларга ылайык болушу керек.





Сүрөт 2. Жайыттардын мезгилдерге карата сыйымдуулугу




Сүрөт 3. Жергетал А/О жайыт жерлеринин (сунушталуучу) жазгы сыйымдуулугунун



Сүрөт 4. Жайыттарды пландоо



**ЖП: БУЛ ЖЕРЛЕРГЕ БИЗДИН АТА-БАБАЛАР МАЛЫН ЖАЙЫП КЕЛИШКЕН, БИЗ НОРМАЛАР ЖӨНҮНДӨ ЭЧ НЕРСЕ УККАН ЭМЕСПИЗ.**

ЖК: Жайыттар менен малдын ортосунда чоң байланыш жана баланс бар. Жайыт жүгүнүн нормасы малдын санын жана ар мезгилде мал жаюунун убактысын жөнгө салуу менен жетишилет. Мындай иш-чара жайыттагы чөп-чарды туруктуу колдонууга жана малды оптималдуу багууга көмөк болот.

Малды жайытка ар мезгилде сыйымдуулукка жараша чыгарышат. Жайыт туура пайдаланганын билиш үчүн, жайыттын сыйымдуулугун жана анда жайыла турган малдын санын салыштыруу керек.

**ЖП: МАЛДЫ ЖАЮУНУН ЖАЙЫТКА КАНДАЙ ТААСИРИ БАР?**

ЖК: Жайытка мал жаюу өсүмдүк катмарына чоң таасирин тийгизет. Мал жаюу – бул жайыттагы өсүмдүк катмары менен аны тоют катары пайдаланган малдын ортосундагы татаал мамилелер комплекси болуп эсептелет. Өсүмдүктөргө зыянды көбүрөөк кой-эчки кылат, анткени алар өсүмдүктү түбүнө чейин жулуп жешет. Жылкы чөптү кыйла бийигирээк тиштеп, кыйла азыраак зыян келтирет. Ири мүйүздүү мал жайыттарга тийгизген таасири боюнча кой жана жылкынын ортосундагы абалды ээлейт.

Малдын тебелеп-тепсөөсү тууралуу жөнөкөй мисалдардан келтирип кетейин: мал туягынын басымы трактордун дөңгөлөгүнүн басымынан ашып түшөт. 50 баш кой-эчкини 1 гектарга камап койсо, 30 аскер танкы ошол жерди тебелегендей эле из калтырышат.

Чөптү кыйла толук пайдалануу үчүн мал үйүрүн жаныбарлардын ар башка түрлөрүнөн сарамжалдуу кураштыруу же бир эле жайыттын бир эле жаныбарлардын, же башкалардын кезектешип пайдалануу туура болот.

Дагы баса белгилей кетчү нерсе:

- малды эрте жазда жайытка чыгарууга тыйуу салыш керек: 1) чөп жетиле электе желип же тепселенип калып, өсүшү начарлайт; 2) жаш чөп балансталбаган азык болгондуктан, малдын тойгузбай, ичин өткөрөт; 3) уулуу чөптөр эрте чыккандыктан, малды уулантырат; 4) малдын туягы нымдуу кыртышты тебелеп, жаш чөптүн өсүшүнө тоскоол болот.
- малды жайытка кеч күздө да чыгарбаш керек: чөптүн азык зат запасы азайып, келерки жылы начар өсүп, түшүмү төмөндөйт.

**ЖП: ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУ ПЛАНЫНА ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?**

ЖК: Жайыт пайдалануунун жылдык планы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жайыт пайдалануучулардын тизмеси, жайыт билеттери жазылган малдын саны, чабандардын тизмеси;
- жайыттардын тышкы жана негизги ички чектери, пайдалануудан чыгарылган аянттар жана корголуучу аянттар, мал айдап өтмө жолдор, сугаруучу жайлар жана жайыт инфраструктурасынын маанилүү башка объекттери, жайыттардын абалы жана жайыттын бардык участокторунун сапаты белгиленген карталар;
- оптималдуу жүк;
- жайыт инфраструктурасынын обьекттерин өнүктүрүү жана реконструкциялоо боюнча пландар;
- жайыттарды башкаруу, пайдалануу, аларды жакшыртуу жана 5 жылдык мөөнөткө чейин реабилитациялоо боюнча орто мөөнөттүү план;
- жылда жаңылануучу жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы;
- жайыттарды башка максаттарда башкаруу жана пайдалануу планы.

| Жайыттын аталышы | Жаз | Жай | Күз | Кыш |
|---|---|---|---|---|
| Кыр жол | 470 | 135 | 221 | 54 |
| Т.З.Ф. | 559 | 351 | 581 | 93 |
| Мейки | 1043 | 102 | 151 | 19 |
| Чон жалбызды | 1706 | 190 | 1607 | 253 |
| Ак Таш | 343 | 214 | 372 | 339 |
| Жерг-Тал -Суу | 505 | 307 | 579 | 151 |
| Кондой | 946 | 125 | 1405 | 362 |
| Тыйта | 352 | 181 | 366 | 108 |
| Оро-Кудук | 1879 | 106 | 1211 | 49 |
| Кара-Жон1 | 141 | 77 | 149 | 43 |
| Чон-Кол | 157 | 77 | 143 | 45 |
| Баба-Кудук 2 | 302 | 158 | 330 | 86 |
| Шорроо | 219 | 122 | 213 | 230 |
| Жыланды-гоо | 1289 | 269 | 1152 | 331 |
| Кара-Ой | 629 | 307 | 447 | 475 |
| Конур | 721 | 405 | 783 | 209 |
| Айдоо | 110 | 56 | 316 | 43 |
| Кичи-Кол | 400 | 92 | 185 | 51 |
| Шорроо Тоо | 416 | 263 | 943 | 134 |
| Баба Кудук 1 2 | 1185 | 119 | 220 | 59 |
| Тогуз Булак+Тоорунк | 662 | 72 | 135 | 33 |
| Айдоо Кара-Чий | 65 | 33 | 90 | 90 |
| Бас-Кыя+Айдоо | 216 | 113 | 547 | 145 |
| Тоорункай | 540 | 326 | 337 | 181 |
| Тар-Суу | 487 | 487 | 759 | 0 |
| Чон-Айрык | 19 | 161 | 270 | 13 |
| Бел-Саз | 22 | 182 | 286 | 19 |
| Кен-Суу | 98 | 224 | 371 | 14 |
| Кептеш | 146 | 267 | 421 | 27 |
| Узун-булак | 244 | 430 | 621 | 0 |
| Арчалуу-Суу | 147 | 91 | 337 | 1 |
| Чечей-Булак+Арчалуу-Суу | 54 | 136 | 70 | 0 |

Табл. 1. Жайыт жүгүнүн үлгүсү, малдын шарттуу башы

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы бекиткенден кийин, бардык жайыт пайдалануучулар жайыт башкаруу жана пайдалануу планын аткарууга милдеттүү. (п.3 берене 7). Ошондуктан, азыр Административдик кодекстин 193-беренесинин негизинде (№239 16-декабрь 2011-ж. КР законунун редакциясында) жайыт башкаруу планын аткарбагандыгы үчүн айыпкерлерди жоопкерчиликке тартууга жайыт комиттеринин толук укугу бар.



| Жайыттын аталышы | Жаз | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайдалануучу | МШБ | Жүк | МШБ-жүк |
| **Кыр-Жол** | Арналиев Б. | 91 | | |
| | Абдыгазиев Т. | 80 | | |
| | Бадаев Р. | 100 | | |
| | Балбаков А. | 40 | | |
| | Утуров К. | 55 | | |
| | | 366 | 262 | 104 |
| **ТЗФ** | Чодубаев А. | 138 | | |
| | Абдракманов К | 20 | | |
| | | 158 | 120 | 38 |
| **Мейки** | | | | |
| | **Дуйшеев Т.** | 202 | | |
| | **Дуйшеев Ш.** | 57 | | |
| | **Омуров С.** | 40 | | |
| | | 299 | 400 | -101 |

Табл. 2. Жазгы жаюу планынын үлгүсү. (Мында төмөнкүдөй чечим кабыл алса болот: бардык тилкелер боюнча теңме-тең мал болушу үчүн, Бадаев мырзага Мейки жайытына чыгуусуна көрсөтмө берилет.)

**ЖП: ЭМИ ЖАЙЫТ БИЛЕТИ ТУУРАЛУУ АЙТЫП БЕРИҢИЗ.**

ЖК: Жайыт комитети жайыт пайдалануучуларга жайыт билетин төлөө жүргүзгөндөн кийин берет. Төлөмдүн өлчөмү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы тарабынан бекитилип, жайыт башкаруунун жылдык планына киргизилет. Жайыт билетинен түшкөн акча каражаттары жайыттардын абалын жакшыртууга жана башка чыгымдарга жумшалат, башкача айтканда, жайыттарды туруктуу башкарууга кетирилет.

**ЖП: ЖАЙЫТТАРДЫ ТУРУКТУУ БАШКАРУУ ДЕГЕН ЭМНЕНИ БИЛДИРЕТ?**

ЖК: Жайыттарды туруктуу башкаруу – жайыттар биздин карамагыбызга өткөндүктөн, аларды зыян келтирбей, туура пайдаланышыбыз керек дегенди билдирет: жайыт жүгүн ашырбай мал жаюу, чөп-чардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн которуштуруп себүү, сугат жолдорун жана суу түтүктөрүн оңдоп-түзөө, жайыт тилкелерин эс алдыруу максатында кезеги менен колдонуу жана башка иш-чаралар. Ошондой эле маанилүү болуп, жайыттар үчүн болгон талаш суроолорду (жайыт пайдалануучулар ортосунда, башка айылдан келген пайдалануучулар, кыйыр пайдалануучулар, токой чарбасы, туркомпаниялар, мергенчилер ж.б.) чечүүчү иш-чаралар эсептелет. Аларды биз чогуу талкуулашыбыз керек, анткени аларга кеткен акча каражаттары жайыт билеттеринен келип түшөт. Эгер биз бүгүн бул иштерди кылбасак, эртең урпактарыбызга эмнени калтырабыз? Жайыттар – бул бизди баккан жерибиз.

**ЖП: ДУРУС, ТҮШҮНҮКТҮҮ. А БИРОК ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУНУН БААСЫН КАНДАЙЧА ЭСЕПТЕП ЧЫКТЫҢЫЗДАР?**

ЖК: Жайыт башкаруу планын түзүүдө жайыт комитеттери төмөнкүлөрдү аныктап чыгышат: инфраструктураны оңдоп-түзөө муктаждыгы (жол, көпүрө, суу ичүүчү жай ж.б.), жайыттардын абалын жакшыртуу, кышкы тоюттарды даярдоого көмөк көрсөтүү, малдын санын жөнгө салуу. Бул көрсөткүчтөрдү маанилүүлүгү жана зарылдыгы боюнча бөлүшөт да, алардын наркы эсептелип, жайыт комитетинин жылдык бюджетинин чыгаша жагына кошушат. Мыйзамга ылайык, жылдык бюджеттин 60 % жайыттарды жакшыртууга багытташ керек. Андан сырткары, жайыт пайдалануу планын иштеп чыгарууга кеткен чыгымдар да (жайыт тилкелеринин картасын түзүү жана сатып алуу, малдын түрү боюнча санын тактоо), жайыт тилкелеринин сыйымдуулугун аныктоо максатын-

дагы жайыттардын абалын мезгилдик мониторинг боюнча чыгымдар, жылдык пландын аткарылышын мониторинг кылуу чыгымдары, жайыт комитеттеринин административдик чыгымдары кирет.

**ЖП: А БИЗ БУЛ БЮДЖЕТТИ ТАЛКУУЛООГО КАТЫША АЛАБЫЗБЫ?**

ЖК: Сиздер милдеттүүсүңөр десек болот. Ооба, иштелип бүткөн бюджет айыл округдун жайыт колдонуучулардын жалпы чогулушунда талкууланат. Эгер эл бюджет туура эмес деген тыянак чыгарса, анда жайыт комитет бюджетти кайра карап чыгып, өзгөртүшү керек. Оңдолгон бюджет айыл кеңешинде талкууланып, бекитилет. Андан кийин жайыт билетинин баасы эсептелип чыгарылат: ал үчүн жылдык бюджеттин жалпы чыгаша суммасын округдагы шарттуу мал башына бөлүш керек. Буга ылайык ар бир мал ээси өзүнүн малынын санына жараша жайыт пайдалануу үчүн төлөмдү төгүшөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнунда
№386 токтому менен бекитилген.

**Жайыт билетинин типтүү формасы**

_______________________________________________
Айыл өкмөтү, район

**Жайыт билети №________**
**20____жылга**

Аты-жөнү_______________________________________
(жайыт пайдалануучу)
Берилген күнү___________________________________
Жайыттар: Кышкы_______________________________
Жазгы__________________________________________
Жайкы__________________________________________
Күзгү___________________________________________
Маршрут 1)_____________________________________
2)_____________________________________
3)_____________________________________

Жайытка чыккан мал башынын саны жана малды вакцинациялоо жөнүндө маалыматтар

| Малдын түрү | Саны | Мал башына акы (сом) | Сумма (сом) | Малды вакцинациялоо жөнүндө маалыматтар |
|---|---|---|---|---|
| Уй | | | | |
| Топоз | | | | |
| Кой-эчки | | | | |
| Жылкы | | | | |
| Бардыгы | | | | |

Сумма___________________________________________
Жазуу менен
Жайытты пайдалангандыгы үчүн акы төлөгөндүгү жөнүндө квитанция тиркелет.
Аянты ____га болгон жогоруда аталган жайыттарга ____баш мал жаюуга уруксат берилет.

М.О. Жайыт комитетинин төрагасы_____________________Аты-жөнү

М.О. Айыл өкмөтүнүн башчысы_______________________Аты-жөнү

Сүрөт 5. Жайыт билетинин үлгүсү



**ЖП: ЭМИ ТҮШҮНҮКТҮҮ ДА, КЫЗЫКЧЫЛЫГЫБЫЗДЫ БИЛДИК.**

ЖК: Силер жайыт комитетинин бардык чогулуштарына катышууңар керек. Жылдын аягында жайыт комитети жайыт колдонуучулар алдында аткарылган иштери боюнча отчет берет. Ошондо жайыт колдонуучулардын жайыт комитетке болго ишеними өсөт.

| № | Берене | Иш-чаралардын аталышы | Жалпы сумма, сом |
|---|---|---|---|
| 1 | Жергетал АО боюнча | МШБ төлөм | 367748 |
| 2 | Жергетал АО боюнча | МШБ төлөм 2010-ж | 114000 |
| 3 | Айылчарба көмөк көрсөтүү доолорлору боюнча | Жайыт инфраструктурасын жакшыртуу | 200000 |
| 4 | | Токой чарбада жаюу үчүн төлөм | 20000 |
| | **Киреше** | | **701748** |
| 5 | Жергетал, Карачий АО боюнча | Сарыжон-Суу/Бел-Саз/ Арчалуу-Суу жолун оңдоо | 274755 |
| 5.1 | Жергетал АО боюнча | Конур купкасын оңдоо | 45000 |
| 5.2 | Жергетал АО боюнча | Суу ичүү жайын оңдоо Караой | 142516 |
| 5.3. | Нарын токойчулугу менен макулдашуу | 1-жылга пайдаланууга келишим түзүү | 20000 |
| 5.4 | ЖК башчысы, бухгалтердин айлык маянасы, 2111 берене | | 72000<br>57600 |
| 5.5 | Соц. Фонд. 17,25%, 2121 | | 22356 |
| **5.6** | **Башка чыгымдар (Транспорт,канцтовар ж.б.)** | | **67521** |
| **6** | **Чыгаша** | | **701748** |

Табл. 3. Жайыт комитетинин жылдык бюджетинин үлгүсү.

**ЖП: ЖАКШЫ БОЛОТ. БИЗ ӨЗҮБҮЗДҮН АЛЫСКЫ ЖАЙЫТТАРЫБЫЗГА ЖОЛ ЖАНА КӨПҮРӨНҮН ЖОКТУГУНАН ЧЫГА АЛБАЙ ЖАТАБЫЗ. АЛ ЭМИ КОШУНА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРЫ ОШОЛ БИЗДИН ЖАЙЫТТАРГА МАЛЫН ЖАЙЫШУУДА. ДЕМЕК, СИЗДЕР УШУЛ КӨЙГӨЙДҮ ЧЕЧИП БЕРЕСИЗДЕРБИ?**

ЖК: Албетте, ушундай көйгөйлөрдү чечүү үчүн жайыт комитети иш алып барат. Жол жана көпүрө куруу боюнча чыгымдарды биз быйылкы жылдын бюджетине коштук.

**ЖП: НЕГИЗИ ЖАЙЫТ ҮЧҮН БОЛГОН ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР КӨП.**

ЖК: Бүгүнкү күнгө чейин жайыттардын чеги так аныкталган эмес. Бул көрүнүш жайыттарды колдонууда түшүнбөстүктөрдү жаратат. Азыр жайыт пайдалануучулар, жайыт комитети, токой чарбасы, айыл өкмөтү ортосунда конфликттер бар. Ошондуктан алар конфликттерди башкаруу үчүн биринчи иретте өздөрүнүн иш-аракетин көзөмөлдөп, пландаштыруусу зарыл. Эки же бир нече жайыт пайдалануучулар ортосундагы, токой чарбасы менен жайыт пайдалануучулар ортосундагы конфликттерди чечүү үчүн жайыт комитеттин укугу бар.

**ЖП: ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР БОЮНЧА ЭМИ КАЙДА КАЙРЫЛАРЫБЫЗДЫ БИЛЕБИЗ.**

ЖК: Биздин иштегенибизге аз эле убакыт болду. Сиздердин кызыкчылыктарды коргойбуз да, сиздерден көмөк күтөбүз. Силер менен толук түшүнүктө болгубуз келет.

**ЖП: БИЗ ТАРАПТАН КАНДАЙ КӨМӨК КЕРЕК?**
ЖК: Ал үчүн бардык жайыт пайдалануучулар малынын санын так көрсөтүп, жайыт билеттерин сатып алуулары керек. Ырыс алды – ынтымак дегендей, жашообуз биргеликте гана бакубат болот.

**ЖП: РАХМАТ.**

